КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
2025 ж. «21» майында
ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАТТООДОН
КАЙРА ӨТКӨРҮЛДҮ №__________ КҮБӨЛҮК
АЛГАЧКЫ КАТТАЛГАН КҮНҮ 1996 ж. 09. 10
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ
ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА «21» мая 2025 г.
СВИДЕТЕЛЬСТВО № ..........
ДАТА ПЕРВИЧНОЙ РЕГИСТРАЦИИ «09» 10 1996 г.

**“Бекитилди”**

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги

496/1

«13» 05 2025-жыл

# “Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети” мекемесинин УСТАВЫ

**Нарын 2025**

# МАЗМУУНУ

КИРИШҮҮ ........................................................................................................ 3

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ........................................................................................ 3

2. УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ, МАКСАТЫ, ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ПРЕДМЕТИ ........................ 6

3. УНИВЕРСИТЕТТИН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ ...................... 8

4. УНИВЕРСИТЕТТИН ТҮЗҮМҮ ................................................................ 11

5. УНИВЕРСИТЕТТИ БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ, АЛАРДЫН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫ ЖАНА БАШКАРУУ ТАРТИБИ .................... 12

6. АБИТУРИЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ТАРТИБИ ................................ 18

7. БИЛИМ АЛУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ ....... 18

8. УНИВЕРСИТЕТТИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ ............................................... 20

9. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ .......................................................... 22

10. УНИВЕРСИТЕТТИН ИЛИМИЙ ЖАНА ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ ........................................................................ 24

11. УНИВЕРСИТЕТТИН ФИНАНСЫ-ЧАРБАЛЫК ИШИ .......................... 24

12. УНИВЕРСИТЕТТИН ИНФРАСТРУКТУРАСЫ ЖАНА МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ ........................................ 26

13. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК .......................................................... 27

14. УНИВЕРСИТЕТТИН УСТАВЫНА КИРГИЗИЛҮҮЧҮ ӨЗГӨРТҮҮЛӨР, КАЙРА УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОЮУ ТАРТИБИ... 27

# КИРИШҮҮ

Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин уставынын жаңы редакциясы Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Билим берүү жөнүндө», «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик актыларын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук жана университеттин практикалык ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик документтердин негизинде түзүлдү.

Уставдын жаңы редакциясынын негиз катары, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2013-жылдын 6-июнундагы №324/1 буйругу менен бекитилген С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин уставы кабыл алынган.

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети 1996-жылдын 22-майында, Кыргыз Республикасынын Президентинин № 172 «Нарын мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө» Жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 22-майындагы «Нарын мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө» 1996-жылдын 19-июлундагы №331 токтому Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин 1996-жылдын 29-июлундагы №245/1 буйругу менен, Нарын шаарында жайгашкан Айыл чарба техникумунун, К.Мамбетакунов атындагы педагогикалык окуу жайынын, облустук мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу институтунун жана Кыргыз архитектура жана курулуш институтунун филиалынын базаларында түзүлгөн.

1.2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябры ПЖ №295 «Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына өзгөртүү киргизүү тууралуу» жарлыгынын негизинде Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине кеңири уюштуруучулук, финансылык жана академиялык автономия каралган өзгөчө статус берилген.

1.3. Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары - **Университет**) уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан сунушталган Билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган саналат. Университеттин мамлекеттик башкаруу органы болуп билим берүү

чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - **Уюштуруучу**) саналат.

1.4. Университеттин толук фирмалык аталышы:

– мамлекеттик тилде: **«Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети»**, кыскартылган аталышы: **«НМУ»;**

– расмий тилде: **«Нарынский государственный университет имени Сатыбалды Нааматова»**, кыскартылган аталышы: **«НГУ»;**

– англис тилинде: **«Naryn state university named after Satybaldy Naamatov»**, кыскартылган аталышы: **«NSU».**

1.5. Университеттин дареги:

– юридикалык дареги: 722900, Кыргыз Республикасы, Нарын шаары, Сагынбай Орозбак уулу көчөсү, 25.

1.6. Университет кесиптик жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик жогорку, кесиптик орто билим берүү жаатында билим берүү, илимий-изилдөө, маданий-агартуу өндүрүштүк-коммерциялык жана башка иштерди жүзөгө ашырган мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүү мекемеси болуп саналат.

1.7. Университеттин **билим алуучуларын** окуучулар, студенттер, магистранттар, аспиранттар жана докторанттар түзөт.

1.8. Университет Кыргыз Республикасынын элдеринин маданий мурастарынын объектиси, билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын борбору, университеттин профессорлорунун, доценттеринин, окутуучуларынын, илимий кызматкерлердин жана билим алуучуларын чыгармачыл жамааты болуп саналат.

1.9. Университет өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Билим берүү жөнүндө», «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик актыларын жана ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.10. Университет юридикалык жак болуп саналат, өз алдынча баланска, республикалык бюджеттин чыгымдарын аткаруу боюнча операцияларды эсепке алуу, мамлекеттик заказды, грантты аткаруунун алкагында финансылык камсыздоо жана киреше алып келген иштен түшкөн каражаттарды эсепке алуу үчүн каражаттарды түзүү булактары боюнча казналык жеке эсептерге (бюджеттик, атайын жана депозиттик эсептер), чет өлкөлүк валютада каражаттарды эсепке алуу үчүн эсептерге ээ.

1.11. Университеттин уюштуруу-укуктук формасы – мекеме, менчик формасы – мамлекеттик болуп саналат.

1.12. Университет толук аталышы жазылган, салык органынын

идентификациялык номерин көрсөтүү жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөттөлүшүн түшүрүү менен тегерек мөөргө ээ. Университет белгиленген тартипте катталган башка мөөрлөргө, штамптарга, өзүнүн аталышы жазылган бланктарга, ошондой эле эмблемага жана башка жекелештирүү каражаттарына ээ болууга укуктуу.

1.13. Университет өзүнүн бардык бөлүмдөрүн камтыган юридикалык жак катары бирдиктүү, анын ичинде анын бөлүмдөрүн, ишканаларын, окуу мекемелерин жана уюмдарын, юридикалык жактын статусу бар же жок филиалдарын, өкүлчүлүктөрүн бириктирген билим берүүчү жана илим-изилдөө комплекси болуп саналат.

1.14. Университет өз милдеттенмелери боюнча өзүнө ыкчам башкаруу укугунда бекитип берилген, ошондой эле Университеттин өзүнүн кирешесинин эсебинен алынган бардык мүлккө жооп берет.

1.15. Ушул Уставда каралган билим берүү ишин камсыздоо үчүн Университетке ыкчам башкаруу укугунда мамлекеттин менчигиндеги имараттар, курулмалар, мүлк комплекстери, жабдуулар, ошондой эле башка керектүү мүлк пайдаланууга берилет.

1.16. Университетте саясий, коомдук-саясий жана диний партиялар менен уюмдарды түзүүгө тыюу салынат. Билим берүү мекемесинде билим алуучулар, окутуучулар жана кызматкерлер арасында саясий жана диний үгүт иштерин жүргүзүүгө жол берилбейт.

1.17. Билим берүү уюмдарынын өзгөчө статусуна ылайык Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августу № 179 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 9-беренесинин негизинде, мамлекеттик билим берүү стандарттарына теңештирилген билим берүү стандарттарын Университет өз алдынча иштеп чыгуу жана бекитүү укуктарына ээ.

1.18. Билим берүү уюмдарынын өзгөчө статусуна ылайык Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августу № 179 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 23-беренесинин негизинде жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда Университеттин билим берүү иштери лицензиялонууга жатпайт.

1.19. Университет иш кагаздарын «Кыргыз Республикасындагы иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын», «Кызматтык пайдалануу үчүн маалыматты камтыган документтер менен иштөө тартиби жөнүндө жобонун» жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө» Мыйзамынын негизинде уюштурат жана жүргүзөт.

1.20. Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги «Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде жүзөгө ашырылат.

1.21. Университеттин кызматкерлеринин жеке маалыматтары менен иштөөнү укуктук жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын «Жеке маалыматтар жөнүндө» мыйзамынын негизинде ишке ашырылат.

## 2. УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ, МАКСАТЫ, ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ПРЕДМЕТИ

2.1. Университеттин миссиясы – билим берүүнү, илимий изилдөөнү, бизнести айкалыштыруу менен инновациялык, технологиялык, санариптик өнүгүүнү камсыздоого даяр заманбап компетенттүү адистерди даярдоо.

2.2. Университеттин негизги максаттары:

– заманбап коомдун жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берген жогорку квалификациялуу адистерди, илимий жана педагогикалык кадрларды даярдоого багытталган сапаттуу билим берүүнү уюштуруу жана ишке ашыруу,

– окуу процессин жана илимий изилдөөлөрдү, санариптик доордун чакырыктарына жана коомдун глобалдык муктаждыктарына жооп берүү үчүн санариптик технологияларды, дисциплиналар аралык байланышты, практикага багытталган методдорду жана илимий ачылыштарды бириктирүү менен өркүндөтүү,

– фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөр аркылуу илимди өнүктүрүү, инновациялык технологияларды киргизүү, билим берүү процессине илимдин жетишкендиктерин колдонуу,

– коомдун жана мамлекеттин керектөөлөрүнө ылайык илимий-педагогикалык кадрларды, адистерди жана башкаруу кызматкерлерин даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу,

– билим алуучуларга жарандык жоопкерчиликти, мекенчилдикти, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды сыйлоо сезимдерин калыптандыруу, алардын гармониялуу өнүгүшү үчүн шарттарды түзүү жана социалдык колдоо көргөзүү,

– академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү, эл аралык илимий жана билим берүү долбоорлоруна катышуу, дүйнөлүк илимий жана билим берүү системасына университетти интеграциялоо,

– коомдун интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүү,

– билим алуучуларды жана кызматкерлерди социалдык жактан колдоо үчүн шарттарды жакшыртуу.

2.3. Университет ишмердүүлүктүн төмөнкү негизги түрлөрүн жүзөгө ашырат:

– билим берүү ишмердүүлүгү – ар кандай деңгээлдеги адистерди даярдоо үчүн окуу процессин уюштуруу жана жүргүзүү (жогорку билим берүү программалары: бакалавриат, специалитет, магистратура, аспирантура, PhD-докторантура, докторантура; кесиптик орто билим берүү программалары),

– илимий-изилдөө ишмердүүлүгү – изилдөөлөрдү жүргүзүү, илимий долбоорлорду иштеп чыгуу, илимий эмгектерди жарыялоо, конференцияларга катышуу жана уюштуруу,

– инновациялык жана технологиялык ишмердүүлүк – жаңы технологияларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, ишканалар жана уюмдар менен кызматташуу,

- эл аралык кызматташтык – академиялык мобилдүүлүк, чет элдик жогорку окуу жайлары менен өнөктөштүк программалары, эл аралык долбоорлорго катышуу,
- каржылык-чарбачылык ишмердүүлүк – материалдык жана каржылык ресурстарды башкаруу, окуу процессин камсыздоо,
- маданий-тарбиялык иштер – билим берүү, илим жана жаштар саясаты тармагында коомдук маанилүү иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү; спорттук жана чыгармачылык программаларды уюштуруу, студенттер менен иш алып баруу,
- кошумча билим берүү – квалификацияны жогорулатуу, кадрларды кайра даярдоо, кошумча билим берүү программалары, курстар жана тренингдер,
- социалдык ишмердүүлүк – студенттерди жана кызматкерлерди колдоо, стипендиялык программалар, студенттик өз алдынча башкаруу.

2.4. Университеттин ишмердүүлүгүнүн предмети төмөнкүлөрдү камтыйт:

- билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык, ошондой эле экономиканын керектөөлөрүн жана жарандардын билим алуудагы керектөөлөрүн эске алуу менен өз алдынча белгиленген билим берүү стандарттарын жана талаптарын иштеп чыгат жана бекитет,
- жогорку кесиптик, жогорку окуу жайдан кийинки билим берүүнүн программаларын, кошумча кесиптик жана кесиптик орто билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарына, ошондой эле Университеттин өзгөчө статусунун талаптарына ылайык өз алдынча иштелип чыккан жана бекитилген билим берүү стандарттарына, кызыкдар тараптардын талаптарына жана ушул Уставга ылайык ишке ашыруу,
- илимий-техникалык иштердин тематикалык планынын негизинде университеттин профилине туура келген фундаменталдык, колдонмо илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүүнү республикалык бюджеттин жана Университеттин жеке каражаттарынын эсебинен ишке ашыруу,
- жогорку кесиптик билимге ээ болгон адистердин, педагогикалык жана жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо.
- кошумча кесиптик билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарына, лицензиялоо жана аккредитация талаптарына ылайык жүзөгө ашыруу.

2.5. Университет Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине (тизмесине) киргизилген мамлекеттик билим берүү, илимий-изилдөө жана башка кызматтарды көрсөтөт.

2.6. Университет Уюштуруучу менен макулдашып Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган ар кандай ишти жүргүзөт, өзүнө жүктөлгөн бардык милдеттерди аткарат жана анын иши

менен байланышкан укуктардан пайдаланат.

## 3. УНИВЕРСИТЕТТИН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ

3.1. Университет өзүнүн ишмердүүлүгүн ишке ашырууда төмөнкү **негизги милдеттерди** аткарат:

1) Билим берүү ишмердүүлүгү:

- жогорку, кесиптик орто жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү аркылуу инсандык интеллектуалдык, маданий жана адептик өнүгүүсүн камсыз кылуу,
- кошумча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу,
- кадрларды даярдоонун жаңы формаларын, методдорун жана технологияларын иштеп чыгуу, алардын ишмердүүлүгүнүн жогорку сапатын жана натыйжалуулугун камсыз кылуу,
- окуу пландарын жана программаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, окуу китептерин жана окуу-методикалык адабияттарды даярдоо жана басып чыгаруу,
- үзгүлтүксүз билим берүү системасын түзүүгө жана өнүктүрүүгө катышуу,
- орто жалпы жана кесиптик билим берүү мекемелери менен кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзүү,

2) Илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүк:

- илимди өнүктүрүү үчүн илимий-изилдөө жана чыгармачылык ишмердүүлүктү колдоо,
- фундаменталдык, издөө жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү, тажрыйба-конструктордук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү,
- илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын билим берүү процессине киргизүү,
- Университеттин кызыкчылыктары үчүн, коллектив мүчөлөрү тарабынан түзүлгөн интеллектуалдык менчик объектилерин пайдалануу,
- мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарына ылайык илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктү өркүндөтүү,

3) Кадрдык саясат жана кесиптик өнүгүү:

- жогорку билимдүү кызматкерлерди, илимий-педагогикалык кадрларды жана адистерди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу,
- коомдун жана мамлекеттин жогорку жана орто кесиптик билимге ээ болгон квалификациялуу адистерге болгон муктаждыктарын канааттандыруу,
- жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо.

4) Тарбиялык жана социалдык иштер:

- билим алуучуларды жалпы адамзаттык баалуулуктарга, жарандыкка, улуттук каада-салттарды жана башка элдердин укуктарын урматтоого тарбиялоо,
- билим алуучулардын жарандык позициясын, заманбап

цивилизациянын жана демократиянын шарттарында иштөө жана жашоо жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу,

- билим алуучуларды патриоттук сезимге тарбиялоо жана элди, улуттук каада-салттарды жана кыргыз элинин руханий мурастарын урматтоо сезимин калыптандыруу,
- инсандын гармониялуу өнүгүшү, эмгек жамаатынын мүчөлөрүнүн дене тарбиясы жана ден соолугун чыңдоо үчүн шарттарды түзүү,

5) Эл аралык кызматташтык жана илимий иш-чаралар:

- дүйнөлүк илимий жана билим берүү системасына интеграциялоо үчүн билим берүү, илимий жана башка уюмдар менен эл аралык илимий-техникалык кызматташтыкты кеңейтүү,
- эл аралык, улуттук, региондук жана университеттер аралык конференцияларды, көргөзмөлөрдү жана башка иш-чараларды өткөрүү,

6) инфраструктураны жана материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү:

- университеттин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү, студенттер үчүн зарыл социалдык-тиричилик шарттарды түзүү,
- коомдун адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактоо жана байытуу,
- мамлекеттин интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүү, билимди калк арасында жайылтуу, анын билим берүү жана маданий деңгээлин жогорулатуу;

3.2. Өзүнүн ишмердүүлүгүн ишке ашырууда Университет төмөнкү **укуктарга** ээ:

- билим берүү, административдик, каржылык-экономикалык иштерди өз алдынча жүргүзүүгө, башкаруучулук чечимдерди, анын ичинде адам ресурстарын жана активдерди башкаруу боюнча чечимдерди кабыл алууга, Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларына жана өзүнүн уставына ылайык, билим берүү жана башка ишмердүүлүктү колдоо жана өнүктүрүү максатында бюджеттик жана атайын каражаттарды тескөөгө;
- Университеттин өзгөчө статусуна ылайык мамлекеттик билим берүү стандарттарына теңештирилген билим берүү стандарттарын өз алдынча иштеп чыгууга жана бекитүүгө;
- баалоо тутумун, билим берүү процесстин методикасын жана технологияларын, анын ичинде аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын өз алдынча тандоого;
- билим берүү процессин уюштурууда Университет эки же андан көп тилди окуу каражаты катары колдонууга;
- билим берүүнүн салттуу ыкмасын (окутуучунун жана студенттин түз байланышы) онлайн окутуу (аралыктан) ыкмасы менен айкалыштырган гибриддик окутуу методун колдонууга;
- дуалдык билим берүүнү колдонууга (мында студент теориялык билимди Университетте, ал эми практикалык билимди иш ордунда алат);
- коомдук уюмдарды жана бирикмелерди (союздар, академиялар,

кесиптик ассоциациялар, окуу-усулдук бирикмелер, илимий-усулдук, илимий-техникалык жана башка кеңештер менен уюмдар), окуу-өндүрүштүк жана инновациялык бөлүмдөрдү түзүүгө;

– билим берүү уюму жана анын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды камтыган ачык жана жалпыга жеткиликтүү маалымат ресурстарын түзүүгө;

– юридикалык жак же филиал статусуна ээ болгон түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүүгө жана аларды өзүнчө мүлк менен камсыз кылууга (бирок бул түзүмдүк бөлүмдөр өз кезегинде филиал же башка бөлүмдөрдү түзө албайт);

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ассоциацияларга (бирикмелерге) ыктыярдуу түрдө мүчө болууга;

– Көзөмөлчүлүк Кеңеш менен макулдашуу аркылуу университетке караштуу кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү өз алдынча тескөөгө (четтетүү, алмашуу, ижарага берүү), ошондой эле кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүү аркылуу алынган каражаттарды тескөөгө;

– өз атынан келишимдерди жана башка макулдашууларды түзүүгө, мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды алууга жана ишке ашырууга, милдеттенмелерди аткарууга, мамлекеттик жана коомдук уюмдар, юридикалык жана жеке жактар менен өз ара байланыштарда өз укуктарын жана кызыкчылыктарын өз алдынча көрсөтүүгө жана ишке ашырууга, сотто доогер жана жоопкер болууга;

– өзүнүн компетенциясынын чегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ички ченемдик актыларды (ички эмгек тартибинин эрежелери, жоболор, нускамалар, буйруктар ж.б.) чыгарууга;

– чарбалык, анын ичинде өндүрүштүк иш аткарып, алган пайдасын бөлүштүрбөстөн иш жүргүзүүгө;

– Университеттин юридикалык жактын статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрүнө капиталдык жана учурдагы ондоо, аларга бекитип берилген, алардын балансында турбаган материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү менен байланышкан финансылык чыгымдарды аталган бөлүмдөрдүн бекитилген кирешелер жана чыгашалар сметаларынын чегинде жүргүзүүгө;

– 2022-жылга каралгандан төмөн эмес көлөмдө мамлекеттик билим берүү гранттарын алууга;

– Университтетте бар болгон аянттарды жана башка шарттарын эске алуу менен Университтет билим алуучулардын санын өз алдынча аныктоого жана студенттерди кабыл алуу планын бекитүүгө;

– мыйзам менен тыюу салынбаган, Университеттин милдетине карама-каршы келбеген, ушул Устав менен аныкталган ишмердиктин башка түрлөрүн жүргүзүүгө.

– коопсуз билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу боюнча милдеттерди аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, укук коргоо органдары, ата-энелер коомдоштугу жана башка уюмдар менен өз ара

аракеттенүүгө
3.3. Университеттин ушул уставда көрсөтүлбөгөн башка укуктары жана милдеттери «Билим берүү жөнүндө», «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

## 4. УНИВЕРСИТЕТТИН ТҮЗҮМҮ

4.1. Университеттин уюштуруу түзүмү – бул жогорку окуу жайынын натыйжалуу иштешин камсыз кылуучу бөлүмдөрдүн, кызматтардын жана башкаруу органдарынын тутуму. Университеттин уюштуруу түзүмү ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүнү, милдеттерди жана университеттин ар кандай элементтеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүнү аныктайт.
4.2. Университеттин уюштуруу түзүмүн ректор сунуштайт жана окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.
4.3. Университеттин карамагына төмөнкү түзүмдүк бөлүмдөр кирет:
– филиалдар, институттар жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрү,
– факультеттер, департаменттер, кафедралар, лабораториялар,
– жогорку мектептер, борборлор, башкармалыктар, бөлүмдөр,
– илимий, конструктордук жана өндүрүштүк бөлүмдөр,
– окуу-өндүрүштүк жана окуу-тажрыйба чарбалары,
– колледждер, мектептер жана башка түзүмдөр.
4.4. Юридикалык жак статусуна ээ болгон түзүмдүк бөлүмдөр өздөрүнүн уставдарынын жана жоболорунун негизинде иштешет, өз алдынча баланста турушат жана өз ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ушул уставынын талаптарына ылайык жүргүзүшөт.
4.5. Кесиптик орто жана жогорку билим берүү программаларынын алкагында бир эле багыт же адистик боюнча студенттерди окутуу, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо үчүн кайталанган түзүмдүк бөлүмдөрдү (институттар, борборлор, факультеттер ж.б.) түзүүгө жол берилбейт.
4.6. Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү белгиленген тартипте кесиптик орто жана жогорку билим берүү программаларын, ошондой эле кошумча кесиптик жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу.
4.7. Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин дайындоо, шайлоо же конкурстук негизде тандап алуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ушул уставка, түзүмдүк бөлүмдөрдүн уставдарына, университеттин ички жоболоруна жана кызматтык нускамаларына ылайык аныкталып ишке ашырылат.
4.8. Университет өзү түзгөн түзүмдүк бөлүмдөрдөгү окуу жана илимий процесстердин натыйжалуулугу жана сапаты үчүн жоопкерчилик тартат, ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрдүн жоболорунда белгиленген тартипте башка милдеттенмелер боюнча жооп берет.

## 5. УНИВЕРСИТЕТТИ БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ, АЛАРДЫН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫ ЖАНА БАШКАРУУ ТАРТИБИ

5.1. Университетти башкаруу демократиялаштыруу, борбордон ажыратуу, автономия жана өз алдынча башкаруу принциптерине негизделет.

5.2. Университеттин кошо башкаруунун формалары болуп жалпы жыйын, көзөмөлчүлүк, окумуштуулардын, педагогикалык жана башка кеңештер же комитеттер саналат. Кошо башкаруу органдарын шайлоонун тартиби жана алардын компетенциясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Университеттин уставы жана локалдык актылары менен аныкталат.

5.3. Билим алуучулардын жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн, педагог кызматкерлердин укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын козгогон маселелер боюнча Университетти башкаруу маселелери боюнча алардын пикирлерин эске алуу максатында, жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн, педагог кызматкерлердин демилгеси менен Университетте ата-энелер комитеттери, окуучулардын же студенттик кеңештер, кесиптик бирликтер түзүлүшү мүмкүн.

5.4. Университеттин жогорку башкаруу органы **Уюштуруучу** болуп эсептелет. **Уюштуруучунун** ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

– Университеттин уставын бекитүү;

– Университетти кайра уюштуруу жана жоюу жөнүндө чечим кабыл алуу, жоюу комиссиясын дайындоо жана жоюу балансын бекитүү;

– ушул Уставда белгиленген башка ыйгарым укуктар.

5.5. Университеттин **Жалпы Жыйыны** – бул Университеттин коллегиалдык башкаруу органы. Анын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

– жамааттык келишимдин долбоорун түзүү, талкуулоо жана өзгөртүү жөнүндө чечим кабыл алуу, анын аткарылышы жөнүндөгү отчетту бекитүү;

– ушул Уставда каралган башка ыйгарым укуктар.

5.6. Университетти түздөн-түз башкарууну **Ректор** жүргүзөт. Ректорду дайындоо жана кызматтан бошотуу Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык аныкталат.

5.7. Университетке түздөн-түз жетекчиликти ректор жүзөгө ашырат. Ректор 5 (беш) жылдык мөөнөт менен дайындалат. Бир эле ошол адам Университеттин жетекчисинин ишин бир эле Университетте жыйындысында 10 (он) жылдан ашык жүзөгө ашыра албайт.

5.8 Университеттин ректору кызматтан бошотулган учурда, билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жаңы ректор дайындалганга чейин анын милдетин убактылуу аткарууну проректорлордун бирине жүктөйт.

5.9. Университеттин ректору кызматын, башка төлөнүүчү жетекчилик кызмат (илимий, педагогикалык жана илимий-методикалык жетекчиликтен тышкары) менен айкалыштырууга уруксат берилбейт.

5.10. Ректор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык университеттин атынан иш алып барат. Университеттин атынан иш алып барууда, ректор төмөндөгүдөй **ыйгарым укуктарга** ээ:

- өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, мамлекеттик жана ведомстволук көрсөтмөлөрдү, ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат;
- Университеттин өнүгүү стратегиясын түзөт жана ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары үчүн толук жоопкерчилик тартат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин уставына ылайык окуу, илимий, өндүрүштүк, финансы-чарбалык иштерге жетекчиликти жүзөгө ашырат ;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Университеттин уставына ылайык бардык органдарда, уюмдарда жана ишканаларда, юридикалык жана жеке жактар менен болгон мамилелерде ишеним катсыз Университеттин атынан иш алып барат;
- Университеттин кадр саясатын ишке ашырат, кадрларды даярдоонун багыттарын жана адистиктерин, мугалимдерди кайра даярдоонун жана квалификациясын жогорулатуунун формаларын, негизги илимий багыттарын аныктайт;
- Университеттин кызматкерлери менен эмгек келишимдерин түзөт, өзгөртөт жана бузат, материалдык жана моралдык жактан кызыктыруу чараларын колдонот, университеттин кызматкерлерин мыйзамда белгиленген тартипте тартиптик жана материалдык жоопкерчиликке тартат, университеттин кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аныктайт.
- бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануу үчүн казыналык системасынан тышкары мамлекеттик катышуу үлүшү бар коммерциялык банктарда банк эсептерин ачат;
- Окумуштуулар Кеңеши тарабынан жактырылган түзүмдүк бөлүмдөрдүн статусун, аталышын жана алардын ишмердүүлүгүн уюштуруу тартибин бекитет, аларды башкарууга жана персоналына карата талаптарды аныктайт жана ошондой эле Университеттин кайра түзүү (реструктуризациялоо) иштерин чечет;
- Көзөмөлчүлүк Кеңештер менен макулдашуу аркылуу башкаруунун ички түзүмүн жана кызматкерлердин штаттык санын аныктайт;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин уставына каршы келбеген Университеттин ички тартиби жөнүндө жобону, ички укуктук актыларды кабыл алат жана жокко чыгарат;
- өзүнүн компетенциясынын чегинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык университеттин мүлкүн жана каражаттарын башкарып, келишимдерди түзөт, өзгөртүүлөрдү киргизет жана аларды токтотот, ишеним каттарды берет, банк эсептерин ачат жана жабат;
- билим берүү, консалтинг, илимий-изилдөө, басма, өндүрүштүк-коммерциялык жана башка мыйзам тарабынан тыюу салынбаган ишмердүүлүк аркылуу каражат түрүндө киреше алып, аларды университеттин ишмердүүлүгүн жакшыртууга жана материалдык-

техникалык базасын өнүктүрүүгө багыттайт;

- Көзөмөлчүлүк Кеңеш менен макулдашуу аркылуу эмгек акы төлөөгө жумшалуучу каражаттардын үлүшүн аныктайт, Университетин кызматкерлеринин бардык категорияларына эмгек акы төлөөнүн, материалдык дем берүүнүн жана материалдык жардам көрсөтүүнүн формаларын жана өлчөмдөрүн белгилейт;
- Университеттин каржылык-чарбалык ишмердүүлүгүнүн пландарын бекитет, Көзөмөлчүлүк Кеңештер менен макулдашуу боюнча атайын каражаттардын эсебинен сатып алынган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү тескейт (ажыратууга, алмаштырууга, ижарага берүүгө), ошондой эле кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн каражаттарды башкарат;
- өз укуктарынын бир бөлүгүн багыттар боюнча проректорлорго, Университетттин курамындагы институттардын директорлоруна, филиалдардын жетекчилерине жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн башчыларына өткөрүп берет;
- Проректорлорду (окуу иштери боюнча проректордон башка), түзүмдүк бөлүмдөрдүн директорлорун дайындайт жана бошотот;
- Университеттин Окумуштуулар Кеңешин жетектейт;
- Окумуштуулар Кеңешинин чечимдеринин аткарылышын камсыз кылат жана көзөмөлдөйт;
- Университеттин Окумуштуулар Кеңешинин окумуштуу катчысынын кызмат ордуна талапкерди Университеттин окумуштуулар кеңешинин бекитүүсүнө сунуш кылат;
- факультеттин кеңешинин жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн чечимдерин, эгерде алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же ушул Уставга карама-каршы келсе токтотот;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык Университеттин атынан башка иштерди жүзөгө ашырат.

5.11. Ректор жыл сайын Окумуштуулар Кеңешинин жыйынында, ошондой эле университеттин профессордук-окутуучулук курамынын, билим алуучулардын жана алардын ыйгарым өкүлдөрүнүн, кызматкерлеринин катышуусунда өтүүчү жыйындарда университеттин ишмердүүлүгү боюнча отчет берет.

5.12. Ректор билим алуучулардын алган билиминин сапаты, финансылык тартип, бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук, мүлктүн жана башка материалдык баалуулуктардын сакталышы, кызматкерлердин эмгек укуктарынын жана билим алуучулардын укуктарынын сакталышы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышы жана аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

5.13. Университеттин ректору өзүнүн ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн проректорлорго жана университеттин башка жетекчи кызматкерлерине өткөрүп берүүгө укуктуу жана алардын ортосундагы милдеттердин бөлүштүрүлүшү ректордун буйругу менен аныкталат.

5.14. Окуу иштери боюнча проректорду дайындоо жана бошотуу

Окумуштуулар Кеңешинин макулдугу менен жүргүзүлөт. Проректорлор кызматка мөөнөттүү эмгек келишими боюнча кабыл алынат. Проректорлор менен Университеттин ортосунда түзүлгөн эмгек келишиминин мөөнөтү ректордун ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө шайкеш келет.

5.15. Проректорлордун саны адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу жана университетти өнүктүрүү максатында объективдүү зарылчылыктан улам Көзөмөлчүлүк Кеңеши менен макулдашуу аркылуу университеттин ректору тарабынан аныкталат.

5.16. Университеттин ректору, проректорлору жана окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн (филиал, институт, жогорку мектеп, колледж, борбор) жетекчилери Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык, эмгек келишиминин узактыгына карабастан, 65 жаштан ашпаган адамдар болушу керек.

5.17. Университети башкарууда ректорунун алдында аткаруучу органы катары **Ректорат** түзүлөт жана аны ректор жетектейт.

5.18. Ректораттын негизги функциялары:

– Университетти оперативдүү башкаруу, бардык түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин координациялоо жана Окумуштуулар Кеңешинин чечимдерин аткаруу,

– Университетти өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу,

– окуу процессин, илимий ишмердүүлүктү жана эл аралык кызматташтыкты уюштуруу,

– каржы, материалдык жана кадрдык ресурстарды башкаруу,

– билим берүү стандарттарынын жана мыйзамдык талаптардын аткарылышын камсыз кылуу.

5.19. Ректораттын отурумдарында Университеттин учурдагы ишмердүүлүгүнө байланыштуу негизги маселелер каралат. Ректораттын курамы, анын укуктары жана милдеттери, жыйындарды өткөрүү тартиби жана чечимдерди кабыл алуу регламенти Университеттин ректору тарабынан бекитилет.

5.20. Ректораттын чечимдери протокол түрүндө расмий түрдө таризделип ректордун буйруктары менен коштолуп, андан кийин жооптуу адамдарга жана бөлүмдөргө аткарууга жөнөтүлөт.

5.21. Университеттин **Окумуштуулар Кеңеши** башкаруунун жогорку коомдук-кесиптик органы болуп саналат. Университеттин Окумуштуулар Кеңеши Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык түзүлөт.

5.22. Университеттин Окумуштуулар Кеңеши уюштуруу, башкаруу, окуу-методикалык, илимий-изилдөө, финансылык-чарбалык, идеялык-тарбиялык, жарнамалык, ошондой эле Университеттин ишинин башка түрлөрү боюнча чечимдерди кабыл алат. Университеттин Окумуштуулар Кеңешинин кадрларды тандоо, дайындоо, кызматтан бошотуу, финансылык-чарбалык, жайгаштыруу маселелери боюнча чечимдери

сунуштама мүнөзүнө ээ болот.
5.23. Окумуштуулар Кеңештин курамы 21 адамдан ашпайт. Кеңештин төрагасы ректор болуп эсептелет. Окумуштуулар Кеңеши төмөнкү курамдан түзүлөт:
- ректор (кеңештин төрагасы), проректорлор, окуу бөлүмүнүн башчысы, факультеттердин декандары, негизги кафедралардын башчылары, илимий-педагогикалык бөлүмдөрдүн жетекчилери, кесиптик союздун жана студенттик уюмдардын өкүлдөрү (бул контингент кеңештин жалпы мүчөлөрүнүн 50%ынан ашпоого тийиш);
- факультеттердин жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн өкүлдөрү – алдынкы окумуштуулар, профессорлор жана доценттер, тиешелүү түзүмдөрдүн кеңеши тарабынан шайланып, белгиленген тартипте тандалып алынат.

5.24. Окумуштуулар Кеңештин курамына Университетте иштебеген илимий-изилдөө мекемелеринин жетекчилери, тиешелүү адистиктер боюнча ири окумуштуулар, искусство жана маданият ишмерлери кириши мүмкүн.
5.25. Окумуштуулар Кеңештин курамын тандоо тартиби университеттин ички укуктук актысы менен аныкталат.
5.26. Окумуштуулар Кеңештин курамы Уюштуруучу менен макулдашылгандан кийин ректор тарабынан 2 жылдык мөөнөткө бекитилет. Окумуштуулар Кеңешинин мүчөсү анын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин мүчөлүктөн чыккан учурда, кеңештин мүчөлөрдүн белгиленген санын толуктоо, анын курамын түзүү тартибинде жүргүзүлөт.
5.27. Окумуштуулар Кеңешинин негизги милдеттери:
- факультеттерди, кафедраларды жана башка илимий жана окуу бөлүмдөрүн түзүү, жоюу, кайра уюштуруу маселелерин кароо жана сунуштарды иштеп чыгуу;
- университеттин өнүгүү пландарын бекитүү;
- проректорлордун, факультет декандарынын жана башка бөлүм жетекчилеринин отчетторун угуп, алардын ишмердүүлүгүн жакшыртуу чараларын иштеп чыгуу;
- окуу процессин оптималдаштыруу жана натыйжалуу окутуу технологияларын ишке киргизүү;
- университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарын аныктоо;
- окуу иштери боюнча проректорду дайындоо жана бошотуу боюнча макулдук берүү;
- илимий жана окуу бөлүмдөрүнүн илимий жана уюштуруу ишинин натыйжалуулугун баалоо боюнча чечимдерди кабыл алуу жана баа берүүнүн негизинде аларды өнүктүрүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;
- профессордук-окутуучулук курамдын конкурстук тандоо маселелерин кароо;

– профессордук-окутуучулук курамдын, кафедра башчыларынын, факультеттердин декандарынын, башка окуу жана илимий бөлүмдөрдүн жетекчилеринин кызмат орундарын ээлөөгө конкурстук шайлоолорду өткөрүү жөнүндө отчетторду белгиленген тартипте угуу;

– профессор жана доцент илимий наамына талапкерлердин эмгектерин кароо, профессор жана доцент илимий наамдарын белгиленген тартипте ыйгаруу жана аларды илимий наамды бекитүүгө сунуштоо;

– жогорку окуу жайларынын илимий-педагогикалык кызматкерлеринин, аспиранттарынын, докторанттарынын жана изденип алуучулардын илимий даражаларды ыйгаруу боюнча иштерин кароо жана диссертацияларды коргоо боюнча адистештирилген кеңештерге сунуш берүү;

– билим алуучулар үчүн белгиленген жеке жана мамлекеттик стипендияларды ыйгаруу менен байланышкан маселелерди кароо;

– акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтерди бекитүү;

– кызматкерлерди мамлекеттик сыйлыктарга, Университеттин “С.Нааматов медалыны” көрсөтүү жөнүндө иштерди кароо;

– “С.Наматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ардактуу профессору” наамына көрсөтүү жөнүндө иштерди кароо;

– Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын окумуштуулар кеңеши жөнүндө жободо, ушул уставда көрсөтүлгөн башка функциялар жана милдеттер.

5.28. Окумуштуулар Кеңештин кадр тандоо маселелери боюнча чечимдери жашыруун добуш берүү жолу менен кабыл алынат. Башка маселелер боюнча чечимдер ачык добуш берүү жолу менен, жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

5.29. Окумуштуулар Кеңештин отурумунда протокол түзүлүп, төрага жана катчы тарабынан кол коюлат. Университеттин Окумуштуулар Кеңешинин чечимдери ректордун буйругу менен бекитилгенден кийин юридикалык күчкө ээ болот.

5.30. Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы Окумуштуулар Кеңештин чечимдеринин аткарылышын системалуу түрдө текшерүүнү уюштурат жана Окумуштуулар кеңештин мүчөлөрүнө кабыл алынган чечимдердин аткарылышы жөнүндө маалымдайт.

5.31. Ректор Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнүн ичинен Окумуштуулар Кеңешинин катчысын дайындайт. Окумуштуулар Кеңешинин катчысынын милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- Окумуштуулар Кеңешинин отурумуна даярдык көрүү боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү;

- Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйналышына беш күндөн кечиктирбестен отурумдун күн тартиби, орду жана датасы жөнүндө Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрүнө билдирүүгө;

- жыйналыштардын протоколдорун жана иш кагаздарын жүргүзүү.

5.32. Университеттин **Көзөмөлчүлүк Кеңеши** юридикалык жак статусуна ээ болбогон жана Университеттин уставдык максаттарына жетүү үчүн көмөк көрсөтүү боюнча функцияларды жүзөгө ашырган Университеттин шайлануучу өз алдынча башкаруу органы болуп саналат, ошондой эле кошумча (бюджеттен тышкаркы) каражаттарды тартуу жана алардын максаттуу пайдаланылышын контролдоо.
5.33. Университеттин Көзөмөлчүлүк Кеңешин максаттары, милдеттери, укуктары, уюштуруу тартиби жана иши Кыргыз Республикасынын Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө мыйзамына ылайык аныкталат.
5.34. Университетти ушул уставда көрсөтүлбөгөн башкаруу органдары, алардын компетенциялары жана башкаруу тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык аныкталат.

## 6. АБИТУРИЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ТАРТИБИ

6.1. Университетке абитуриенттерди кабыл алуу Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларынын чегинде жүргүзүлөт.
6.2. Университетке окуунун бардык окуу программалары боюнча кабыл алууну уюштуруу үчүн ректордун буйругу менен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт, анын төрагасы ректор болуп саналат.
6.3. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укуктары жана иштөө тартиби, ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ректор тарабынан бекитилген кабыл алуу комиссиясынын жобосу менен аныкталат. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алуу ректор тарабынан дайындалган жооптуу катчы тарабынан уюштурулат.
6.4. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иштөө тартибин, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.
6.5. Университетке абитуриенттерди кабыл алуу кабыл алуу комиссиясынын чечиминин негизинде ректордун буйругу менен жүргүзүлөт.

## 7. БИЛИМ АЛУУЧУЛАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

7.1. Университетке белгиленген тартипте кирген бардык билим берүү программалары боюнча окуган адамдар **билим алуучу** статусуна ээ. Билим алуучуга белгиленген формадагы же электрондук түрдө документ берилет.
7.2. Билим алуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:
– сапаттуу билим алууга;
– коопсуз билим берүү чөйрөсүнө;

– ден соолукка, адеп-ахлактык жана рухий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтардан, пропагандадан жана үгүттөн корголууга;
– медициналык кароого жана биринчи медициналык жардамдын уюштурулушуна;
– ден соолукка зыян келтирүүчү эксплуатациянын жана аракеттердин ар кандай түрлөрүнөн, ошондой эле физикалык жана психологиялык зомбулуктан, кадыр-баркты кемсинтүүдөн корголууга;
– адамдын кадыр-баркын сыйлоо, өз көз карашын жана ишенимин эркин билдирүүгө;
– билим берүү стандарттарына ылайык сапаттуу билим алууга;
– кошумча билим берүү кызматтарын (анын ичинде акы төлөнүүчү негизде) алууга;
– Университеттеги маалыматтык ресурстарды акысыз пайдаланууга;
– Кыргыз Республикасынын аскердик милдет, аскердик жана альтернативдик кызматтар чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык аскердик кызматка чакырууну кийинкиге жылдырууга (күндүзгү окуу формасы үчүн).

7.3. Университеттин билим алуучулары билим берүүнүн каалаган баскычында билим берүү уюмун жана билим берүүнүн формасын тандап алууга, билим берүү стандартына ылайык билим алууга, жеке билим берүү кызматтарын алууга укуктуу.

7.4. Билим берүү программасын толук көлөмдө ишке ашыруу үчүн аралыктан (дистанттык) окутуу технологияларын колдонгон университеттин билим алуучулары, билим алуучулары бардык укуктарына жана милдеттерине ээ, ал эми алар аяктагандан кийин Университеттен билими тууралуу документтерди алууга укуктуу.

7.5. Билим алуучулар билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде билим берүү программаларын өздөштүрүүгө, ички тартипти сактоого, жүрүм-турумдун этикалык нормаларын сактоого, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоого милдеттүү, Университетке келтирилген зыян үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

7.6. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга билим берүү стандарттарынын талаптарын деңгээлинде билим берүү программаларын толук өздөштүргөн билим алуучулар киргизилет.

7.7. Негизги программа боюнча окууну аяктаган, бүтүрүү квалификациялык ишин коргогон жана тийиштүү мамлекеттик экзамендерди тапшырган билим алуучуларга, мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечими боюнча даярдоонун тиешелүү багыттары (адистиктери) боюнча квалификация ыйгарылат жана ага окуу жайды аяктагандыгы тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү же Университеттин үлгүсүндөгү диплом берилет.

7.8. Билим алуучуларды которуу, окуудан чыгаруу жана калыбына келтирүү Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

## 8. УНИВЕРСИТЕТТИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ

8.1. Университет административдик-башкаруучулук, илимий-педагогикалык (окутуучулар курамы, илимий кызматкерлер), инженердик-техникалык, административдик-чарбалык, өндүрүштүк, окуу-тарбиялоочу жана башка персоналдын кызмат орундарын камсыздайт. Кызматтар Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык эмгек келишими (контракт) боюнча жүргүзүлөт.

8.2. Эмгек келишимин түзүүдө тараптардын макулдашуусу менен кызматкердин ага тапшырылган ишке ылайыктуулугун текшерүү максатында сыноо шартталышы мүмкүн. Сыноо жөнүндө шарт эмгек келишиминде каралууга тийиш. Эмгек келишиминде сыноо шартынын жок болушу кызматкердин сыноосуз кабыл алынгандыгын билдирет.

8.3. Сыноо мөөнөтү Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин негизинде аныкталат.

8.4. Университетте илимий-педагогикалык кызматкерлердин бардык кызматтарын ээлөө 5 (беш) жылга чейин түзүлүүчү эмгек келишими менен жүргүзүлөт. Эмгек келишимин түзүүнүн алдында 5 жылда бир жолу конкурстук тандоо өткөрүлөт. Конкурстарды өткөрүүнүн жана келишимдерди түзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө жобонун жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык аныкталат.

8.5. Университетте окуу процессинин үзгүлтүксүздүгүн сактоо максатында илимий-педагогикалык кызматкердин кызмат ордун ээлөөгө 1 (бир) жылдан ашпаган мөөнөткө конкурстук тандоосуз эмгек келишимин түзүүгө жол берилет.

8.6. Жогорку кесиптик, жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программаларын ишке ашырууда педагогикалык кызматка магистрден/адистен төмөн эмес билими бар адамдарга иштөөгө уруксат берилет.

8.7. Кесиптик орто билим берүү, кошумча билим берүү программаларын ишке ашырууда педагогикалык иш менен алектенүү укугуна ээ болчу адамдар, ушул программаларды ишке ашырган түзүмдүк бөлүмдөрдүн уставы, жоболору, кызматтык нускамалары менен аныкталат.

8.8. Университеттин педагогикалык кызматкерине Университеттин ичинде төмөнкүлөр менен алектенүүгө тыйуу салынат:

– диний, атеисттик үгүттөөнү жүргүзүүгө;
– саясий топторду, партияларды уюштурууга;
– шовинисттик, улутчул, милитаристтик, сепаратисттик идеологияны жайылтууга;
– билим алып жаткандарды иш таштоо кыймылына жана саясий акцияларга катышууга тартууга;
– билим алып жаткандарга карата зордук-зомбулук көрсөтүүгө жана

ар кандай түрдөгү басмырлоого.
8.9. Кафедралардын башчылары илимий даражасы же наамы бар адистердин ичинен жашыруун добуш берүү менен Окумуштуулар Кеңеши тарабынан шайланат жана ректордун буйругу менен келишимдик-конкурстук негизде беш жылга чейинки мөөнөткө дайындалат.
8.10. Администрациялык, башкаруучулук, чарбалык (декандардан тышкары), инженердик-техникалык, окуу-тарбиялоочу, кызматтык жана башка кадрдык кызмат орундары мөөнөттүү эмгек келишими боюнча жүргүзүлөт. Аларды бошотуу Кыргыз Республикасынын эмгек кодексине ылайык жана келишимде (контрактта) каралган шарттарда жүргүзүлөт.
8.11. Факультеттин деканынын кызматы шайлануучу болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык кызматка дайындалат жана бошотулат.
8.12. Илимий жана профессордук-окутуучулук курам төмөнкүлөргө укуктуу:
– билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуу дисциплиналарынын мазмунун аныктоого;
– окуу куралдарын жана методдорун эркин тандоо жана окуу жана илимий процесстердин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылуучу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акы төлөнүүчү өргүүгө чыгуу;
– белгиленген тартипте Окумуштуулар Кеңешин шайлоо катышуу жана анын мүчөлүгүнө шайланууга;
– Университеттин окуу, илимий жана башка ишмердигине тиешелүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышуу;
– уставда белгиленген тартипте лабораториялардын, кабинеттердин, китепканалардын, компьютердик кабинеттердин, окуу жана илимий мекемелердин, социалдык, маданий жана башка бөлүмдөрдүн жайларын жана маалымат фонддорун, кызматтарын пайдаланууга;
8.13. Университеттин илимий-педагогикалык кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:
– окуу, окуу-усулдук, илимий-изилдөө процесстеринин жогору майнаптуулугун камсыздоого, билим алуучуларда өз алдынчалыкты, демилгени, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүгө;
– окуу, окуу-усулдук, илимий-изилдөө, коомдук-тарбиялык иштерине, окуу процессин өркүндөтүүгө, билим алуучуларды окутуунун кыйла майнаптуу формалары менен усулдарын издөөгө, окутууда окутуунун заманбап технологияларын колдонууга катышууга;
– билим алуучуларда тандап алган даярдоо багыты боюнча кесиптик сапаттарды жана компетенцияларды калыптандырууга;
– билим алуучулардын жеке ар-намысын сыйлоого, алардын маданий жана денелик өнүгүүсүнө кам көрүүгө, аларга өз алдынча ишти уюштурууга жардам көрсөтүүгө;

– билим алуучуларга бийик адеп-ахлактык ченемдерди сиңирүүгө, алардын жарандык турумун, жашоого жана иштөөгө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга;

– билим деңгээлин жана квалификациясын дайыма жогорулатууга, окуу, окуу-усулдук, илимий-изилдөө ишмердүүлүктөрүн жана чыгармачылыктын башка формаларын жогору сапатта жүргүзүүгө.

8.14. Университеттин административдик, башкаруучулук, чарбалык, инженердик-техникалык, окуу-тарбиялоочу, тейлөөчү жана башка кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ички жоболор, кызматтык нускамалар жана устав менен аныкталат.

8.15. Университетте илимий, педагогикалык жана илимий адистерди даярдоо төмөнкүдөй формаларда жүзөгө ашырылат:

– изденүүчүлүк, аспирантура, докторантура, базалык докторантура (PhD/тармак боюнча);

– илимдин доктору илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды даярдоо үчүн илимий кызматкерлердин кызмат ордуна которуу;

– илимдин кандидаты жана доктору илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды даярдоого жана коргоого изденип алуучуларды бекитүү;

– диссертациялык ишти бүтүрүү үчүн чыгармачылык өргүү берүү.

8.16. Илимий-педагогикалык кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу билим берүү уюмунун атайын бөлүмдөрүндө, ошондой эле кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча окуу жайларында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат. Илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону уюштуруунун тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык белгиленет.

8.17. Университеттин окутуучулары жана илимий-изилдөө институттарынын жетектөөчү окумуштуулары өздөрүнүн негизги кызматы менен бир эле мезгилде кафедранын башчысынын, деканын (анын орун басарынын) кызмат орундарын айкалыштыруу шарттарында кошумча милдеттерди аткара алышат.

8.18. Администрациялык жана башкаруучу персоналдар айкалыштыруу шартында ошондой эле окуучулук иш жүргүзө алат. Бул иштерди аткаруунун шарттары Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары жана билим берүү жана илим чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу жана жетекчиликти жүзөгө ашыруучу мамлекеттик аткаруу бийлигинин органынын ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

8.19. Университеттин кызматкеринин ушул Уставда каралбаган башка укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган.

## 9. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

9.1. Билим берүү кызматтарын көрсөтүү билим алуучунун жекече

керектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуучу билим берүүнүн ар кандай формаларында жүзөгө ашырылат.

9.2. Билим берүү программалары төмөнкү формаларда өздөштүрүлөт: күндүзгү, күндүзгү-сырттан окуу (кечки), сырттан окуу, экстернат формасында.

9.3. Билим берүү программалары күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан окуу формаларында аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын пайдалануу аркылуу өздөштүрүлүшү мүмкүн.

9.4. Күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан окуу формаларында, экстернат формасында алууга жол берилбеген кесиптердин жана адистиктердин тизмеги Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

9.5. Университеттин тил саясаты Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

9.6. Университет ар бир жаранды билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде окутуу үчүн шарттарды түзөт.

9.7. Билим берүүнүн бардык формалары жана деңгээлдери үчүн сабактардын негизги түрлөрү билим берүү стандарттарынын талаптарын сактоону камсыз кылуучу окуу пландары жана программалары менен аныкталат.

9.8. Сабактардын негизги түрлөрүнөн тышкары Университет билим алуучунун кызыкчылыктарын жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган кошумча кызматтарды, факультативдик жана башка сабактарды киргизиши мүмкүн.

9.9. Университеттеги билим берүү процесси мамлекеттик нормативдик актылар, ошондой эле окуу жайдын ички документтери менен жөнгө салынат.

9.10. Университеттин уставында каралгандардан тышкары, университеттеги окуу процесси бир катар нормативдик документтер менен жөнгө салынат:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы,
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин билим берүү ишмердүүлүгүнүн айрым аспектилерин жөнгө салуучу нормативдик актылары,
- билим берүү стандарттары,
- университеттин ички нормативдик актылары: жоболор, окуу пландары жана предметтер боюнча жумушчу программалар жана башка окуу процессин уюштуруу боюнча документтер.

9.11. Эгерде университет чет элдик жогорку окуу жайлары менен биргелешкен программаларды же кесиптик стандарттарга шайкеш келген программаларды ишке ашырса, кошумча эл аралык нормативдер жана Уюштуруучунун талаптары колдонулушу мүмкүн.

## 10. УНИВЕРСИТЕТТИН ИЛИМИЙ ЖАНА ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

10.1. Университет билим берүү иши менен катар илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти жүзөгө ашырат, илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерди, анын ичинде интеллектуалдык менчик объекттерине укуктарды ишке ашырууну жүзөгө ашырат.

10.2. Университет, ошондой эле университеттин илимий жана илимий-техникалык кызматкерлери республикалык бюджеттен жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарда тыюу салынбаган башка булактардан каржылануучу илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программалардын жана долбоорлордун сынактарына катышууга укуктуу.

10.3. Университеттин илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишин Университеттин илимий-техникалык кеңеши жетектейт. Илимий-техникалык кеңешти түзүүнүн жана анын ишинин тартиби Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталат.

10.4. Илимий-техникалык кеңешке илимий гранттарды бөлүүгө, илимий изилдөөлөрдүн деңгээлин жогорулатууга жана билим берүү уюмунун алкагында илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоого жана алардын натыйжаларын өндүрүштүк жана соңиалдык чөйрөгө киргизүүгө ыйгарым укук берилет.

10.5. Илимий гранттар илимий жана илимий-техникалык изилдөөлөргө бөлүнөт жана Көзөмөлчүлүк Кеңеши менен макулдашылып ректор бекиткен сметага ылайык Университеттин атайын каражаттарынын эсебинен каржыланат.

10.6. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте илимий лабораторияларды, илимий-изилдөө институттарын, илимий жана окуу борборлорун, пилоттук өндүрүштүк, долбоорлоо жана конструктордук уюмдарды, технопарктарды, технополистерди, ошондой эле илимий жана билим берүү консорциумдарын, чарбалык коомдорду түзүүгө, илимий, илимий-техникалык жана илимий-инноваңиялык иштин натыйжаларын ишке ашыруудан киреше алууга укуктуу.

10.7. Университет илимий-инновациялык өнүгүү максатында бизнес структуралар жана ишканалар менен биргелешип иш жүргүзүү үчүн имараттарды жана жерди пайдалана алат.

10.8. Университеттин чегинде илимди өнүктүрүүгө атайын каражаттардын кеминде бир пайызын бөлүүгө Университет милдеттүү.

10.9. Университеттин илимий жана илимий-техникалык ишин жүзөгө ашырууда, ушул уставда көрсөтүлбөгөн укуктук, уюштуруучулук, экономикалык негиздери Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Илим жөнүндө» мыйзамдары менен аныкталат.

## 11. УНИВЕРСИТЕТТИН ФИНАНСЫ-ЧАРБАЛЫК ИШИ

11.1. Университет мүлктүн менчик ээсинин макулдугун алганда ыкчам башкарууга берилген мүлктү пайдаланууга, анын ичинде чарбалык иштерди

жүргүзүү үчүн, ошондой эле билим берүү жана илимий ишин камсыздоо үчүн башка жайларды курууга же сатып алууга укуктуу.

11.2. Университет мүлктүн сакталышы жана натыйжалуу пайдаланылышы үчүн мамлекеттик бийлик органдарынын алдында жоопту болот, имараттарды, коммуникацияларды, инженердик жабдууларды пайдаланууну жана жанаша жаткан аймакты утурумдук жана капиталдык оңдоолорду ишке ашырат, ошондой эле Университеттин объектилерин куруу жаатындагы инженердик кызмат көрсөтүү комплексин жүргүзөт.

11.3. Университетти каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

– Университеттин негизги ишин каржылоого бюджеттен бөлүнүүчү бюджеттик каражаттар;

– Университетти уюштуруучуларынын каражаттары, ошондой эле жеке жана юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын төгүмдөрү;

– Университеттин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган иштин натыйжасында алынган каражаттары;

– кредиттер жана гранттар;

– Университетти өнүктүрүү үчүн кошумча каржылоо булактары катары тартылган ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) ыктыярдуу каражаттары;

– кесиптик башталгыч, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү кызматына акы төлөө каражаттары;

– Университеттин өздүк каражаттары, анын ичинде чет өлкө валютасы түрүндө Кыргыз Республикасынын бюджеттик жана салык мыйзамдарында тыюу салынбаган консультациялык, илимий-өндүрүштүк, билим берүү-өндүрүштүк, ошондой эле бюджеттен тышкаркы негизги жана кошумча билим берүү программаларынын бардык түрлөрү боюнча билим берүүдөн, анын ичинде билим берүү стандарттарынын талаптарынын чегинде иш-чаралар жана башка киреше алып келүүчү иштерден;

– Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын чегинде келишимдик мамилелердин негизинде юридикалык жана жеке жактардын каражаттары;

– Университеттин өзүнүн окуу жана көмөкчү чарбаларынан, анын ичинде ижаралык негизде алынган каражаттар;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар.

11.4. Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн тарифтери Университет тарабынан өз алдынча белгиленет.

11.5. Университет бухгалтердик эсеп чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эсептерди жана отчетторду жүргүзүүгө милдеттүү.

11.6. Университет менчигинин түрүнө карабастан мүлктүн жана финансылык каражаттардын сакталышы, натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчилик тартат. Университеттин ректору

финансылык-чарбалык тартиптин сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат.

11.7. Жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу төгүмдөрүнөн жана кайрымдуулуктарынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка түшүүлөрдөн түзүлгөн финансылык жана башка материалдык каражаттарды Университеттин Көзөмөлчүлүк Кеңеши гана ыктыярдуу негизде тарта алат.

11.8. Университеттин ишин камсыз кылуу, материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү жана чыңдоо максатында Көзөмөлчүлүк Кеңеши донорлорду (инвесторлорду, меценаттарды), финансылык жана башка материалдык ресурстарды издөөгө жана тартууга укуктуу, ошондой эле алынган финансылык жана башка материалдык ресурстар жана алардын чыгымдалышы жөнүндө кийин милдеттүү түрдө отчет берүү менен жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-сайттар жана башка ыкмалар аркылуу жарыялоого укуктуу.

11.9. Университеттин билим алуучуларынын мыйзамдуу өкүлдөрүнө Университетке финансылык жана башка материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө өтүнүч менен маалыматтар, кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчеттор билим берүү уюмунун жалпыга жеткиликтүү жерине илинүүгө тийиш.

11.10. Көзөмөлчүлүк Кеңеши тарабынан Университетке тартылган финансылык каражаттар атайын казыналык эсепке чегерилет жана Көзөмөлчүлүк Кеңеши чечимине ылайык максаттуу пайдаланылат.

11.11. Көзөмөлчүлүк Кеңеши төрагасы (төрайымы) келип түшкөн финансылык жана материалдык ресурстар жана алардын чыгымдалышы жөнүндө отчеттун берилбегендиги үчүн жоопкерчилик тартат.

11.12. Университет финансылык ишин Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунан тышкары жүзөгө ашырат.

## 12. УНИВЕРСИТЕТТИН ИНФРАСТРУКТУРАСЫ ЖАНА МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ

12.1. Инфраструктурага жана материалдык-техникалык базага имараттар, курулмалар, коммуникациялар, жабдуулар, транспорт каражаттары, ошондой эле окуу, илимий-изилдөө ишинде жана билим берүү чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүүдө пайдаланылуучу башка материалдык-техникалык активдер кирет.

12.2. Университеттин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү Университеттин өзү тарабынан ага бекитилген бюджеттик жана атайын каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат. Жабдууларды сатып алууга жана капиталдык оңдоого кетүүчү чыгашалардын өлчөмү Университет тарабынан белгиленген тартипте кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасынын чегинде болгон муктаждыктарга жана финансылык ресурстардын болушуна жараша өз алдынча аныкталат.

12.3. Университеттин окуу, илимий-изилдөө, окуу-өндүрүштүк ишинде жана билим берүү чөйрөсүндөгү башка маселелерди чечүү үчүн пайдаланылган материалдык-техникалык базасы акысыз ээлик кылууга,

пайдаланууга берилбейт жана ээликтен ажыратылбайт.
12.4. Университеттин материалдык-техникалык базасын ижарага берүүдөн алынган кирешелер Университетт тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бөлүштүрүлөт.
12.5. Университет көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу боюнча менчик каражаттардын эсебинен сатып алынган материалдык-техникалык базаны өз алдынча тескөөгө (ажыратууга, алмаштырууга, ижарага берүүгө) укуктуу.

## 13. ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

13.1. Университет чет өлкөлүк окуу жайлар, илимий уюмдар, эл аралык уюмдар жана компаниялар, билим берүү жана илим жаатындагы башка мекемелер менен эл аралык байланыштарды ишке ашырат, алар менен, ошондой эле мамлекеттик жана менчик мекемелер, уюмдар менен өз ара пайдалуу негизде мамилелерди өнүктүрөт.
13.2. Университет мамлекеттер аралык жана эл аралык билим берүү, илимий жана илимий-изилдөө программаларын ишке ашырууга, жарандык мыйзамдарда жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте эл аралык коомдук билим берүү бирикмелерине кирүүгө укуктуу.
13.3. Чет өлкөлүк окуу жайлар, илимий уюмдар, эл аралык уюмдар жана компаниялар, билим берүү жана илим жаатындагы башка мекемелер менен бирдиктүү долбоорлорду ишке ашыруу жана кызматкерлер, билим алуучулар үчүн академиялык мобилдүүлүктөрдү уюштуруу.
13.4. Университетте чет мамлекеттердин жарандарын даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, университеттин кызматкерлерин чет өлкөлөрдө окутуу жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттер аралык келишимдердин, уюштуруучулар менен чет мамлекеттердин тиешелүү билим берүү органдары макулдашуулардын, ошондой эле университет тарабынан чет өлкөлүк юридикалык жактар, анын ичинде окуу жайлары менен же чет өлкөлүк жарандар менен түзүлгөн келишимдер негизинде жүзөгө ашырылат.

## 14. УНИВЕРСИТЕТТИН УСТАВЫНА КИРГИЗИЛҮҮЧҮ ӨЗГӨРТҮҮЛӨР, КАЙРА УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОЮУ ТАРТИБИ

14.1. Ушул Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор Уюштуруучу менен макулдашылып Университеттин Окумуштуулар Кеңеши тарабынан киргизилет.
14.2. Университетти кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.
14.3. Университетти кайра уюштурууда, анын түзүмүн өзгөртүүдө, ошондой эле статусун өзгөртүүдө анын уставына тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилет. Уставга өзгөртүүлөрдү киргизүү Университеттин жалпы чогулушунда каралат жана чечимди Уюштуруучу кабыл алат.

14.4. Университетти кайра уюштуруу же жоюу, эреже катары, окуу жылынын аягында жүргүзүлөт. Бул учурда Уюштуруучу билим алуучуларды башка билим берүү уюмдарына которуу боюнча жоопкерчиликти алат.
14.5. Университет Кыргыз Республикасынын юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген тартипте кайра уюштурулушу же жоюлушу мүмкүн. Университетти кайрадан уюштурууда же жоюуда иштен бошотулган кызматкерлерге Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык алардын укуктарынын жана кызыкчылыктарынын сакталышына кепилдик берилет.
14.6. Университетти иш процессинде келип чыккан документтер Кыргыз Республикасынын архив иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
номерленген, чийилген жана мөөр
басылганы бардыгы 28 барак
2025 ж. «21» май
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
всего пронумеровано, прошнуровано и
скреплено печатью на 28 листах
«21» 05 2025 г.

жыйырма 28 сегиз баракта
тигилген, номерленген жана мөөр басылган.
Кадр бөлүмүнүн башчысы Баева П.М.
колу ____
2025 жылдын «21» май

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ
ОБЩИЙ ОТДЕЛ
1996